**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКА ЖАНА КОММЕРЦИЯ МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ЭКОНОМИКИ И КОММЕРЦИИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**MINISTRY OF ECONOMY AND COMMERCE OF THE KYRGYZ REPUBLIC**


720040, Бишкек ш., Абдумомунов, 207
Факс: +996 (312) 66-18-37
Телефон: +996 (312) 62-05-35 кош. 240, 163, 266, 267
Эл. почта: mail@mineconom.gov.kg
Веб-сайт: www.mineconom.gov.kg
КР ФМ караштуу БК
э/э 4402011101099995
ИСН 02611202110027
БИК 440201
ИУРК 31287700

720040, Bishkek, Abdumomunov St, 207
Fax: +996 (312) 66-18-37
Telephone: +996 (312) 62-05-35 ext. 240, 163, 266, 267
E-mail: mail@mineconom.gov.kg
Web-site: www.mineconom.gov.kg

720040, г. Бишкек, Абдумомунова, 207
Факс: +996 (312) 66-18-37
Телефон: +996 (312) 62-05-35 доб. 240, 163, 266, 267
Эл. почта: mail@mineconom.gov.kg
Веб-сайт: www.mineconom.gov.kg
ЦК при МФКР
э/э 4402011101099995
ИНН 02611202110027
БИК 440201
ОКПО 31287700


_________________________ № ___________

№__________ ____________________

**Кыргыз Республикасынын**
**Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлиги**

Министрлик, «Ишкердик иш-аракетти жүзөгө ашырууда тобокелдик даражасын баалоо критерийлерин бекитүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 18-февралындагф №108 токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетининтоктом долбооруна жөнгө салуучу таасирин талдоону карап чыгып, төмөнкүлөрдү билдирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-августундагы № 444 токтому менен бекитилген Ишкердик субъекттеринин ишине ченемдик укуктук актылардын жөнгө салуучу таасирин талдоо Методикасынын (мындан ары-Методика) талаптары бузулгандыгы аныкталган, тактап айтканда:

1) Мамлекеттик жөнгө салуу аркылуу чечилиши зарыл болгон проблеманы сыпаттоо, проблеманын келип чыгышынын себеп-натыйжа байланыштарын аныктоо, проблеманы мүнөздөгөн сандык жана/же сапаттык көрсөткүчтөрдү келтирүү.

Проблеманы аныктоо үчүн каралып жаткан жөнгө салуу чөйрөсүндө колдонуудагы жөнгө салуу жана укук колдонуу практикасына карата кызыкдар жактардын ой-пикирлерине талдоо жүргүзүү зарыл;

2) Проблемалардын масштабы - бул экономикалык, социалдык, аймактык жана башка өлчөмдөрдө берилген учурдагы жөнгө салууну колдонуунун натыйжасында терс кесепеттерге ээ болгон ишкердик субъекттеринин, жарандардын саны;

3) Сунушталган жөнгө салууну баалоо жана негиздөө этабында ишке ашыруу тобокелдиктерин баалоо керек мындайча айтканда;

- зарыл болгон финансылык, материалдык жана адам ресурстарынын жетишсиздигинин тобокелдиктери;

- сунушталган жөнгө салууну ишке ашыруу үчүн механизмдердин жетишсиздигинин тобокелдиктери;

- сунушталган жөнгө салуу менен киргизилүүчү талаптардын сакталышына талаптагыдай контролду камсыз кылбоо тобокелдиктери;

4) атаандаштыкка таасирин баалоо пунктчасында талдоо так көрсөтүлгөн эмес жана түшүнүксүз;

5) мындан тышкары, аналитикалык катта Ишкердик субъекттеринин ишине ченемдик укуктук актылардын жөнгө салуучу таасирин талдоо методикасынын тиркемесине ылайык аналитикалык катка төмөнкүлөр тиркелет:

- ЖТТ боюнча жумушчу топ жөнүндө буйрук;
- бизнес-ассоциациялардын өкүлдөрүнөн ЖТТны жүргүзүүгө катышуу үчүн алардын жиберилгендигин ырастаган кат.

Ошондуктан жогоруда баяндалгандардын негизинде Методиканын талаптарына ылайык аналитикалык катты толуктап иштеп чыгууну сунуштайбыз.

**Министрдин орун басары** **Г.К. Асылбаева**

Атк: Бизнес-чөйрө саясаты башкармалыгы
Конгайтиева Т.Ш. 62-05-35(+149)